# Ар кандай чөлдөр



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Ар кандай чөлдөр

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Такие разные пустыни*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Ар кандай чөлдөр" (кыргыз тилинде), автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Елена Кисенкова,
кыргыз тилине Талгат Деркембаев тарабынан которулган.
Төмөнкү сүреттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.

Сырткы бет: Kjpargeter, © 2021 www.freepik.com. https://ru.freepik.com/free-photo/desert-landscape_1020614.h; 1-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: Francesco Ungaro, © 2021 www.pexels.com. https://www.pexels.com/el-gr/photo/998657/; 2-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: wirestock, © 2021 www.freepik.com. https://fr.freepik.com/photos-gratuite/desert-dusahara-sous-lumiere-du-soleil-ciel-bleu-au-maroc-afrique_10834970.htm; 3-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: Guido Vermeulen-Perdaen, © 2021 www.shutterstock.com. стр.4 сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: CoolKengzz, © 2021 www.shutterstock.com. 5-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: Kamenetskiy Konstantin, © 2021 ww.shutterstock.com. 6-б сүрөтчү: Elena Kisenkova; сүрөт: Anton Petrus, © 2021 www.shutterstock.com. 7-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: lifeforstock, © 2021 www.freepik.com. https://ru.freepik.com/free-photo/empty-sand-textures_3661078.htm; 8-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: Nicole Saffie, © 2021 Nicole Saffie. CC BY-NC-SA 2.0 https://www.flickr.com/photos/26946475@N08/9292245749; 9-б Елена Кисенкова, © 2021 www.pixnio.com. https://pixnio.com/fauna-animals/reptiles-and-amphibians/lizards-and-geckos-pictures/moluchus-horriduslizard.10-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: Caio Pederneiras, © 2021 www.shutterstock.com. 11-б сүрөтчү: Елена Кисенкова; сүрөт: N Mrtgh, © 2021 www.shutterstock.com. стр.12 иллюстратор: Елена Кисенкова; сүрөт: wirestock, © 2021 www.freepik.com. https://www.freepik.com/free-photo/sahara-desert-sunlight-blue-sky-morocco-africa_10835506.htm#page=1&query=erg%20chebbi%20dunes&position=20.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Сахара чөлүндө Дария аттуу кыз жашайт. Төө – анын жакшы досу. Төө көп саякаттагандыктан, көптү көргөн, көптү билет. Кичинекей кыз дайыма андан кызыктуу окуяларды айтып берүүсүн суранат.



Бир жолу Дария өзүнүн досунан сурады:

– Дүйнөдө эң чоң чөл кайсы?

– Биз экөөбүз жашаган жер – эң чоң чөл. Сахара ушунчалык чоң болгондуктан, анын аймагына Кыргызстанды 45 жолу жайгаштырсак да, батып кетет. Ал ар дайым чоңоюп турат. Жыл сайын чөлдүн куму түштүктү карай 10-15 километрге жылып турат.



– Төө досум, сен да тээтиги көлдү көрүп турасыңбы? Ал кайдан пайда болуп калды?

– Дария, ал закым. Чындыгында, ал жерде эч нерсе жок. Бизге жөн эле ошондой көрүнүп жатат. Сахарада закымдар бат-бат көрүнүп турат.

Саякатчылардын көзүнө суусу бар кудуктар жана пальмалар өскөн тоолор, көлдөр көрүнө берет. Кербенчилер адашып кетпесин деп атайын тартылган закым картасы да бар.



**– Чөлдө ар дайым мээ кайнаткан ысык болуп турабы? –** деп сурады кыз.

**–** Чөлдө ар дайым эле ысык боло бербейт. Жердин эң суук жеринде эң суук чөл бар. Ал Антарктидада жайгашкан. Ал жерде ар дайым муздак шамал согуп турат жана эч качан жамгыр жаабайт, **–** деди Төө.



– Кытайдагы Такла-Макан чөлүндө кээде кар жаайт. Бир жолу бул чөлдө кар он бир күн тынбай жааган. Кар жааганда, дюналар укмуштай кооз көрүнүп калат, – деди Төө.




– Ысык чөлдөрдө ар дайым ысык болгондуктан, ал жактагы адамдарга жылуу кийимдин кереги жок турбайбы. Кандай сонун! – деди Дария.

– Жылуу кийим аябай керек. Кумдуу чөлдө күндүз күн ысык болгону менен, түнкүсүн абдан суук болот. Кээде кумдун үстүнө кыроо туруп калат, – деди Төө.




– Баса, Дария! Сен чөлдө күндүз күн абдан ысык болгондо, тооктун жумурткасын бышырып алса болорун билчү белең? – деп сурады Төө.

– Мына сага! Кел, жумуртка бышырып көрөлү! – деп кыз таң калды.



**– Чөлдө такыр жаан жаабайбы?**

**–** Чөлдө аз болсо да, жаан жаап турат. Эң кургак чөл **–** Түштүк Америкадагы Атакама чөлү. Ал жерге көптөн бери жаан жаай элек. Бирок, кызыгы, ал жерде адамдар жашайт. Сууну алар ным кармоочу атайын алеттер менен таңкы туман учурунда чогултушат.



– Ал жакта жаныбарлар жана канаттуулар суусуз кантип жашашат? – деп кыз капа боло түштү.

– Кабатыр болбо, алар буга эбак эле ыңгайлашып алган. Мисалы, Австралияда чөлдө молох деп аталган кескелдирик жашайт. Ал нымды кумга көмүнүп алып, терисине ным чогултат.



– Дария, бардык эле чөлдөр кургак жана жашоосуз боло бербейт. Бразилияда дүйнөдөгү эң кооз Ленсойс-Мараньенсис деп аталган чөл бар. Жамгыр жааганда, анча бийик эмес дюналардын арасында тунук суусу бар көпкөк көлмөлөр пайда болот. Ал абдан кооз! – деди Төө.

– Эх, ошол жерге бир эле жолу барып келсек!.. – деди Дария.



– Мен Египеттеги Кара чөлдү көргүм келип жүрөт, – деди Төө.

– Ушундай да чөл барбы? Ал жерде аябай коркунучтуу болсо керек ээ? – деп сурады Дария.

– Жок, ал жерде кара таштар жайнап чачылып жатат. Аны катып калган лава дешет. Бир кездерде ал жерде Туфу аттуу чоң вулкан атылган экен. Эми ушул таштар кызарган жерде чачылып жатат. Бул кызыктуу пейзажды көрүү үчүн көптөгөн туристтер келет.



– Чынында, чөлдөр ар кандай болот турбайбы, – деди Дария.

– Мен сага өзүм билгендин аз эле бөлүгүн айтып бердим. Жер жүзүндө өзгөчө чөлдөр өтө көп. Алар тууралуу башка күнү сүйлөшөлү, – деп Төө сөзүн бүтүрдү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.freepik.com, www.stutterstock.com,
www.pixnio.com, www.flickr.com,
www.pexels.com

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |